**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Тилек Алмазбекович Алмазбековдун жана Валерий Евгеньевич Гусевдин кайрылууларына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 370-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

# Ч Е Ч И М И

2026-жылдын 17-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Б.А. Кыдыралиева, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы К. Маамыталы кызынын,

кайрылуучу тарап – Валерий Евгеньевич Гусевдин;

жоопкер-тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Айдарбек Касымалиевич Осмоновдун;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Алмазбек Тавалдыевич Молдобаевдин, Кыргыз

Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Эльвира Тилековна Абелдиеванын, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу ишеним кат боюнча өкүлү Аязбек Доолосбекович Джаркынбаевдин катышуусунда,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 370-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык сот отурумунда карап чыкты.

Бул ишти кароого Т.А. Алмазбековдун жана В.Е. Гусевдин кайрылуусу жана талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндө маселесинде пайда болгон аныксыздык себеп жана негиз болду.

Ишти соттук отурумга кароого даярдаган судья-баяндамачы М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, ошондой эле иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 19-сентябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Т.А. Алмазбековдун, В.Е. Гусевдин Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин (мындан ары – ЖПК) 370-беренесинин 6-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө кайрылуусу келип түшкөн.

Талашылып жаткан жобо биринчи же апелляциялык инстанциядагы соттун актысы ушул соттордун актыларында көрсөтүлгөн негиздер боюнча күчүндө калтырылган учурда, кассациялык инстанциядагы сот өзүнүн

чечиминин жүйөсүн көрсөтүүгө милдеттүү эместигин жана талашылып жаткан соттук актылардын негиздемелери менен макул экендигин көрсөтүү менен гана чектелүүгө укуктуу экендигин карайт.

Кайрылуучу тараптын пикири боюнча мындай жөнгө салуу кассациялык инстанциядагы сотко кассациялык даттанууну четке кагуунун жүйөлөрүн көрсөтпөстөн соттук актыны кабыл алууга жол берет. Мында "өзүнүн чечиминин жүйөсүн көрсөтүүгө милдеттүү эмес" деген сөз айкашынын өзү жүйөлөмө бөлүктүн баяндалышын кыскартуу мүмкүнчүлүгү катары эмес, сотту кассациялык текшерүүнүн жыйынтыктарын негиздөө жана даттануунун олуттуу жүйөлөрүнө өз алдынча жооп берүү милдетинен бошотуу катары кабылданышы мүмкүн. Натыйжада, процесстин катышуучусу ал келтирген аргументтер сот тарабынан каралгандыгын аныктоо, ошондой эле кабыл алынган чечимдин укуктук негиздерин түшүнүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт.

Кайрылуучу тарап соттук актынын жүйөсү соттук коргоо укугунун зарыл түзүүчүсү деп эсептейт, анткени ал сот адилеттигинин негиздүүлүгүн жана ачык-айкындуулугун камсыз кылат, мыйзамдын туура колдонулушун көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет жана соттук каталарды аныктоо жана четтетүү үчүн шарттарды түзөт. Кассациялык инстанциядагы соттун даттануунун олуттуу жүйөлөрүн баалабастан, төмөн турган соттордун тыянактары менен макул экендиги жөнүндө формалдуу көрсөтмөсү, анын пикири боюнча, кассациялык даттануунун натыйжалуулугун төмөндөтөт жана аны соттук актынын реалдуу текшерилишин камсыз кылбаган жол-жобого айлантат.

В.Е. Гусев өзүнүн конституциялык укуктарынын бузулушунун орун алгандыгын негиздөөдө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2025-жылдын 17-мартындагы токтому менен анын катышуусундагы жарандык иш боюнча апелляциялык соттун чечими өзгөртүүсүз калгандыгын белгилейт. Мында кассациялык инстанциядагы сот ЖПКнын 370-беренесинин 6-бөлүгүнө шилтеме жасап, эскирүү мөөнөтүн колдонуу, жүргүзүлгөн

эсептөөлөрдүн тууралыгы жана процессуалдык ченемдердин сакталышына тиешелүү кассациялык даттануунун жүйөлөрүн четке кагуунун себептерин келтирбестен, апелляциялык инстанциядагы соттун тыянактары менен макул болуу менен чектелген.

Соттук коргоонун конституциялык кепилдиктерине, Конституциялык соттун укуктук позицияларына жана адилеттүү соттук териштирүүнүн эл аралык стандарттарына шилтеме жасап, кайрылуучу тарап ЖПКнын 370-беренесинин 6-бөлүгүн Конституциянын 61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таанууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2025-жылдын 29-декабрындагы токтому менен Т.А. Алмазбеков менен В.Е. Гусевдин кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алынган.

Сот отурумунда арыз ээлери өз талаптарын колдоп, аларды канааттандырууну өтүнүшкөн.

Жоопкер тараптын атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү А.К. Осмонов арыз ээлеринин жүйөлөрү менен макул болбостон, талашылып жаткан жобо Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт. Ал өз позициясын негиздөөдө төмөнкү жүйөлөрдү келтирген.

Баш Мыйзамдын 61-беренесинин 1-бөлүгүндө камтылган конституциялык укук ар бир адамга Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келишимдерде, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарды жана эркиндиктерди сот органдары аркылуу соттук коргоону кепилдейт.

Өз кезегинде, Жогорку сот кассациялык инстанциядагы сот катары соттук актыларды ЖПКда белгиленген негиздер жана тартип боюнча карап чыгат, иште бар болгон материалдар боюнча даттануунун же сунуштун далилдеринин чегинде биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттордун материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдерин

колдонуусунун тууралыгын текшерет, бирок кассациялык инстанциядагы сот кассациялык даттануунун (сунуштаманын) укуктук негиздерине байланбайт (ЖПКнын  350 жана 364-беренелери).

Жоопкер тараптын өкүлүнүн пикири боюнча талашылып жаткан ченемдин ченемдик-укуктук жобосу соттун талаш-тартышты натыйжалуу кароо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга багытталган жана соттун даттанылып жаткан актынын жүйөлөрү менен макул болгон шартта, кассациялык инстанциядагы сотту чечимдин себептерин кайталап жүйөлөө милдетинен бошотот. Бул бузулган укуктарды тез арада калыбына келтирүүнү камсыздайт жана чечимдердин кайталанышын жокко чыгарат.

А.К. Осмонов төмөн турган соттор тарабынан берилген укуктук баалоо туура болсо жана укуктук ченемдерди бузуу фактысы аныкталбаса, анда ченемдердин кайталанышы сот актынын мазмунун өзгөртүү үчүн негиз катары каралбайт деп эсептейт.

Ошондой эле арыз ээлеринин соттун жүйөлөнгөн чечимин алууга жарандардын укугун мыйзам чыгаруучу этибарга албагандыгы жөнүндө аргументтери тууралуу, тескерисинче, мыйзам чыгаруучу кассациялык инстанциядагы сотко соттук актыда кабыл алынган чечимдин жүйөлөрүн баяндоо, ошондой эле сот актысынын тиешелүү бөлүктөрүндө чечилүүгө жаткан суроолорго жооп берүү милдетин жүктөйт, муну менен соттук териштирүүнүн толуктугун жана негиздүүлүгүн камсыз кылат деп белгилейт.

Жогорку сот иштерди кассациялык тартипте кароодо өзүнүн чечиминин жүйөлөрүн негиздөөгө милдеттүү. Кассациялык инстанциядагы соттун актылары киришме, сыпаттама, жүйөлөмө жана резолюциялык бөлүктөрдөн турат.

Мыйзам чыгаруучу жүйөлөмө бөлүктө ишке катышкан адамдар шилтеме жасаган мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды колдонуунун негизсиздигин, ошондой эле сот актысын кабыл алууга  негиз болгон мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды көрсөтүшү керектигин так белгилеген.

Соттук акт жокко чыгарылганда же өзгөртүлгөндө, анда биринчи же апелляциялык инстанциядагы соттун тыянактарына макул болбоонун негиздерин көрсөтүлүшү керек, ал эми иш жаңы соттук кароого жөнөтүлгөн учурда тараптар жана сот тарабынан көрүлө турган процессуалдык аракеттер аныкталышы керек.

А.К. Осмонов соттук териштирүү жаатында маалыматтык технологиялардын өнүгүшү менен, ошондой эле соттор тарабынан чечимдерин кабыл алууда кыйла натыйжалуу чараларды колдонуу максатында эл аралык практика иштерди соттордо кароонун жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибине ыктап жаткандыгын белгилейт. Кассациялык инстанциядагы сот, эгерде апелляциялык даттанууда, сунушта биринчи жана экинчи инстанциядагы соттун кароосунун предмети болбогон далилдер жок болгон шартта, биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттордун чечимин өзгөртүүсүз калтырса жана апелляциялык инстанциядагы сот ишти кароодо жаңы далилдерди кабыл албаса, анын жүйөлүү аныктама түзбөөгө укугу мыйзамдуу болуп саналат. Албетте, кассациялык инстанциянын сот чечимдеринин мыйзамдуулугун жана адилеттүүлүгүн көзөмөлдөөсү коомчулуктун сот системасына болгон ишенимин жогорулатат, ошондой эле төмөн турган соттордун судьялары үчүн стимулдарды түзөт.

Жогоруда айтылгандарга негизденип, А.К. Осмонов Т.А. Алмазбековдун жана В.Е. Гусевдин өтүнүчүн канааттандырыуусуз калтырууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү А.Т. Молдобаев да арыз ээлеринин кайрылууда келтирген жүйөлөрү менен макул эместигин билдирип, өзүнүн укуктук позициясында жоопкер тараптыкына окшош аргументтерди келтирген.

Муну менен бирге, ал Конституциянын 61-беренесинин жоболору сот адилеттигине жетүүнү жана натыйжалуу соттук коргоону камсыз кылууга

багытталгандыгын, бирок аларда кассациялык инстанциянын соттук актысындагы жүйөлөштүрүүчү бөлүктүн көлөмүнө жана формасына карата конкреттүү талаптар камтылбагандыгына көңүл бурат. Соттук коргоого болгон укук ишти биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттор тарабынан кароо, ошондой эле андан аркы кассациялык контролдоо аркылуу ишке ашырылат. Мында адам эки толук негизделген сот актысын алат жана кассациялык инстанциядагы сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүн сактайт, бул зарыл болгон процессуалдык тең салмактуулукту камсыз кылат. Демек, соттук коргоонун жүйөлүүлүгү иш боюнча кабыл алынган бардык сот актыларынын жыйындысы боюнча баа берилүүгө тийиш.

А.Т. Молдобаевдин пикири боюнча кассациялык инстанциядагы сотту төмөн турган соттордун тыянактары менен макул болууда жүйөлөрдү кайталап баяндоодон  бошотуу процессуалдык үнөмдүүлүктү камсыз кылууга, сот өндүрүшүн тездетүүгө жана сот системасына болгон жүктөмдү азайтууга багытталган. Бирок, ал белгилегендей, мындай жөнгө салуу мыйзамдуулукту соттук контролдоону жокко чыгарбайт жана бузулган укуктарды мыйзамда белгиленген тартипте калыбына келтирүүгө тоскоолдук жаратпайт.

Ал кассациялык инстанциядагы сот ишти маңызы боюнча карабай тургандыгын жана төмөн турган инстанциядагы соттор тарабынан аныкталган фактылык жагдайларды кайра баалабай тургандыгын, бирок иштин материалдарынын негизинде жана берилген даттанууда келтирилген жүйөлөрдүн чегинде материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдеринин туура колдонулушун текшерерин белгилейт.

Ошентип, ал ЖПКнын 370-беренесинин 6-бөлүгү соттук коргоого болгон конституциялык укукту чектебейт, укуктук аныксыздыкты камтыбайт жана мыйзам чыгаруучунун кароосунун чөйрөсүнө таандык жол берилген процессуалдык жөнгө салуунун инструменти болуп саналат деп эсептейт. Анын максаты – процесстин катышуучуларынын укуктарын кемитпестен кассациялык өндүрүштү рационалдаштырууда жана сот

адилеттигинин натыйжалуулугу менен тараптардын процессуалдык кепилдиктеринин ортосундагы зарыл болгон тең салмактуулукту камсыз кылууда турат.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, А.Т. Молдобаев талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун өкүлү Э.Т. Абелдиева каралып жаткан маселе боюнча жоопкер тараптын жана Президенттин туруктуу өкүлүнүн аргументтерине окшош позициясын билдирди.

Ал ЖПКнын 370-беренесинин 6-бөлүгү кассациялык инстанциядагы соттун соттук актысынын жүйөлөрүн баяндоонун формасын гана аныктай тургандыгын жана өзүнчө алганда анын жүйөлөө мүнөзүнөн ажыратпай тургандыгын белгиледи, анткени кабыл алынган чечимдин укуктук негиздери буга чейинки соттук актыларда камтылып, анын тыянактары менен кассациялык инстанциядагы сот макул экендигин билдирилген. Ошол эле учурда, эгерде биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттордун тыянактары туура деп табылса, бирок алардын жүйөлөрү чыгарылган тыянактарга толук дал келбесе же материалдык же процессуалдык укуктун ченемдерин колдонууда каталарды камтыса, кассациялык инстанциядагы сот соттук актыларды өзгөрүүсүз калтыруу менен токтомдо өзүнүн жүйөсүн көрсөтөт.

Э.Т. Абелдиева соттун чечиминин жүйөлүүлүгүн өзүнчө бөлүп эмес, иш боюнча чыгарылган бардык соттук актылардын жыйындысы боюнча баалоо керек деп эсептейт. Ушуга байланыштуу, биринчи же апелляциялык инстанциядагы соттордун чечимдеринде деталдуу жана негиздүү жүйө бар болсо, адилеттүү соттук териштирүү, укуктук аныктык жана сот адилеттигинин ачык-айкындуулугу принциптери кассациялык инстанциядагы соттун токтомунда кошумча кеңири негиздеменин жоктугунан улам бузулган деп тыянак чыгарууга жол бербейт.

Мындан тышкары, ал ЖПК төмөн турган соттордун тыянактарынын мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү тастыкталган учурларда кассациялык

инстанциянын соттук актысын тариздөөнүн өзгөчө тартибин белгилейт деп баса белгиледи. Анын пикири боюнча мындай процессуалдык жөнгө салуу соттук коргоо укугун жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылбайт, тескерисинче, процесстик үнөмдүүлүктү жана кассациялык өндүрүштү рационалдуу уюштурууну камсыз кылууга багытталган.

Юстиция министрлигинин туруктуу өкүлү А.Д. Джаркынбаев соттук чечимдердин негиздүүлүгүнүн конституциялык принциби түздөн-түз укуктун үстөмдүгү, укуктук аныктык жана натыйжалуу соттук коргоо укугунун принциптеринен келип чыгаарын белгиледи.

Кассациялык өндүрүштүн негизги максаты – төмөн турган соттор тарабынан материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдерин туура жана бир түрдүү колдонулушун камсыз кылуу болуп саналат. Дал ушулар кассациялык кароонун процессуалдык формасынын өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде кассациялык сот төмөн турган соттордун тыянактары менен макул болгон жана укуктун туура эмес колдонулушун таппаган учурларда, кыскартылган жүйөгө жол берилишин шарттайт.

Биринчи жана апелляциялык инстанциялардын соттук актыларында мурда келтирилген жүйөлөрдү кайта баяндоонун жоктугу өзүнчө алганда конституциялык кепилдиктерди бузуунун далили болуп саналбайт жана Конституциянын 61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келген катары каралбайт. Кыскартылган жүйө ар кандай өлкөлөрдүн жогорку соттук инстанцияларынын практикасында кеңири колдонулат жана өзүнчө алганда адилеттүү соттук териштирүүнүн эл аралык стандарттарына кайчылаш келбейт.

А.Д. Джаркынбаев бул ченемдин конституциялык-укуктук мааниси кассациялык инстанциядагы сот төмөн турган соттордун жүйөлөрү менен макул болсо, аларды кайталабоого укуктуу экендигинде деп белгиледи. Бирок, кассациялык сот өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде даттануудагы жүйөлөрдү карап чыгууга милдеттүү жана даттанууда укуктун ченемдерин туура эмес колдонулгандыгы жөнүндө олуттуу жүйөлөр камтылса же

процессуалдык кепилдиктердин фундаменталдык бузулушунун мүмкүндүгү көрсөтүлсө, төмөн турган соттор менен макул болууга формалдуу шилтеме жасоо менен гана чектелүүгө укугу жок. Ал эми жаңы, принципиалдуу же олуттуу укук маселелери пайда болсо, кассациялык сот арыз ээсинин жүйөлөрү реалдуу каралгандыгын жана тийиштүү түрдө укуктук жактан баа берилгендигин аныктоого мүмкүндүк берүүчү жетиштүү жүйөлөрдү келтирүүгө милдеттүү. Башкача чечмелөө кассациялык сот адилеттигин формалдуу жүргүзүүгө жол берилгендигин билдирмек, бул адилеттүү соттук териштирүү, укуктун үстөмдүгү жана натыйжалуу соттук коргоо принциптерине туура келбейт.

Мындан тышкары, ал кассациялык сот "өзүнүн чечиминин жүйөсүн көрсөтүүгө милдеттүү эмес" деген жобону түзмө-түз жана өтө кеңири чечмелөө кассациялык даттанууларды формалдуу кароо тобокелдигин жаратууга жөндөмдүү, анын натыйжасы катары соттук коргоонун натыйжалуулугунун конституциялык кепилдиктерине таасир этиши мүмкүн экендигин белгиледи. Андыктан талашылып жаткан ченем кассациялык соттун даттануунун олуттуу аргументтерин реалдуу карап чыгууну камсыз кылуу милдетин жана соттук актыны негиздөөдөн өзүм билемдик менен баш тартуунун жол берилбестигин болжогон конституциялык-укуктук мааниде гана колдонулушу керек. Олуттуу укуктук жүйөлөрдү талдабай туруп, төмөн турган инстанциялардын соттук актылары менен формалдуу түрдө макул болуу адилеттүү соттук териштирүүнүн жана натыйжалуу соттук коргоонун конституциялык кепилдиктери менен шайкеш келбейт.

Конституциялык сот тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келди.

1. "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот кайрылууда козголгон предмет боюнча анын ченемдик

укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, Конституциялык соттун бул иш боюнча кароосунун предмети болуп төмөнкүдөй редакцияда берилген КР ЖПКнын 370-беренесинин 6-бөлүгү саналат:

“370-берене. Кассациялык инстанциядагы соттун актыларынын мазмуну

6. Биринчи же апелляциялык инстанциядагы соттун актысы ушул соттун актыларында көрсөтүлгөн негиздер боюнча күчүндө калтырылган учурда кассациялык инстанциядагы сот өзүнүн чечиминин жүйөсүн көрсөтүүгө милдеттүү эмес. Бул учурда кассациялык инстанциядагы сот даттануу берилип жаткан соттук актылардын негиздемелерине макул экендигин көрсөтөт.”.

2017-жылдын 25-январындагы № 14 КР ЖПК мыйзамдарда белгиленген тартипте кабыл алынган, “Эркин-Тоо” гезитинин 2017-жылдын 2-февралындагы № 12-13 санына жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

2. Конституциялык сот өзүнүн практикасында Конституциянын 61-беренесинде бекитилген соттук коргоо укугу инсандын укуктук статусунун жөн гана элементи болбостон, укуктук мамлекеттин, укуктун үстөмдүгүнүн жана калыс сот адилеттигинин фундаменталдуу институционалдык кепилдиги экендигин бир нече жолу баса белгилеген.

Конституциялык-укуктук жактан алганда бул укукту сотко кайрылуунун жана жыйынтыктоочу процессуалдык актыны алуунун формалдуу мүмкүнчүлүгүнө чейин кыскартууга болбойт. Анын чыныгы мазмуну ишти маңызы боюнча алгачкы кароодо эле мыйзамдуу, негиздүү жана адилеттүү натыйжага жетүүгө багытталган сот адилеттигин толук баалуу жүргүзүүнү билдирген соттук коргоону уюштурууну болжойт.

Ушуга байланыштуу, соттук жол-жоболоштурууну формалдуу милдеттүү актыны кабыл алуу менен аяктаган процессуалдык аракеттердин механикалык ырааттуулугу катары кабылдоого болбойт. Анын чыныгы конституциялык максаты – сотто каралып жаткан маселелер маңызы боюнча туура чечилген соттук териштирүүнүн стандартын камсыз кылууда турат, ал эми мыйзам ченемдүү жана ынанымдуу соттук натыйжага жетүү милдети жетиштүү негиздерсиз сот өндүрүшүнүн кийинки стадияларына өткөрүлүп берилбейт.

Бул контекстте сот адилеттигинин сапаты соттук ишмердүүлүктүн интегралдык мүнөздөмөсүн билдирет. Ал соттун өз ыйгарым укуктарын кесипкөй жана ак ниет жүзөгө ашыруусу, келип чыккан талаш-тартыштын жагдайын туура түшүнүү жана чечиле турган маселелердин топтомун так аныктоо, юридикалык жактан маанилүү жагдайларды кылдат иликтөө жана объективдүү баалоо, соттук териштирүүнүн ырааттуулугу, анын катышуучуларынын олуттуу жүйөлөрүн маңыздуу карап чыгуу жана укуктун ченемдерин туура колдонуу менен аныкталат. Бул стандарттарды жалпы сактоо гана чыныгы соттук коргоону соттук териштирүүнү формалдуу колдонуудан айырмалоого мүмкүндүк берет.

Соттук коргоону мындай түшүнүү конкреттүү ишти чечүүгө жана анын катышуучуларынын укуктарын коргоого байланыштуу жеке мааниге гана эмес, ошондой эле коомдук-укуктук мааниге да ээ. Сот адилеттигин жогорку сапатта жүргүзүү сот бийлигине болгон ишенимди бекемдейт, укуктук тартиптин туруктуулугун камсыздайт, мыйзамдын бир түрдүү жана алдын ала айтууга мүмкүн болгудай колдонулушуна өбөлгө түзөт жана муну менен укуктук мамлекетте сот бийлигинин беделин бекемдейт.

Тиешелүү түрдө, сот адилеттигинин сапаттык мүнөздөмөлөрү соттук актынын текстинде адекваттуу чагылдырылып, анын мазмуну транспаренттүү жана түшүнүү үчүн жеткиликтүү болууга тийиш. Адам соттун тыянактарынын негизин кандай укуктук негиздер жана юридикалык жактан маанилүү жагдайлар түзгөндүгүн, иштин олуттуу маселелери

кандайча чечилгенин жана процесстин катышуучуларынын мааниге ээ аргументтерин четке кагууга кандай жагдайлар түрткү болгонун аныктоо үчүн реалдуу мүмкүнчүлүккө ээ болушу керек.

3. Жогоруда баяндалгандарды улантуу менен, Конституциялык сот адамдын жүргүзүлгөн сот адилеттигинин мазмунун түшүнүүсү, биринчи кезекте, соттук актынын жүйөлөштүрүлүшү менен камсыздалат деген негизге таянат.

Укуктук мамлекетте соттук акт өзүнүн милдеттүү күчү менен гана эмес, оболу, мыйзамга, логикалык ырааттуулукка жана соттун тыянактарынын талаптагыдай негиздемесине негизделген укуктук ынанымдуулугу аркылуу мыйзамдуу болот.

Дал жүйөлөштүрүүчү бөлүк сот актысынын эркин чечим эместигин, иштин жагдайларын жана сот процессинин катышуучуларынын жүйөлөрүн укуктук баалоонун натыйжасы экендигин аныктоого мүмкүндүк берет.

Бул мааниден алганда, сот чечиминин негизиндеги жүйөлөр соттук актынын процессуалдык-техникалык элементи катары эмес, соттук коргоо укугунун көз карандысыз кепилдиги болуп саналат. Ал кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн камсыздайт, тараптын негизги жүйөлөрү реалдуу каралгандыгын аныктайт, ошондой эле даттануу укугун ишке ашыруу үчүн зарыл болгон өбөлгөлөрдү түзөт.

Эгерде соттук актынын резолюциялык бөлүгү мамлекеттин бийликтик буйругун билдирсе, жүйөлөштүрүүчү бөлүк анын конституциялык мыйзамдуулугун камсыз кылат. Ал гана соттук чечимди мамлекеттик мажбурлоо актысынан сот адилеттигинин актысына айландырат.

Соттук актылардын жүйөлөө талабы укуктун үстөмдүгү, укуктук аныктык, мыйзам жана сот алдындагы бардыгынын бирдейлиги жана коомдук бийликти өзүм билемдик менен жүргүзүүгө тыюу салуу принциптери менен түздөн-түз байланыштуу. Соттук чечим, эгерде андан кабыл алынган тыянактын негиздемесин жана тараптын олуттуу жүйөлөрүн четке кагуунун себептерин аныктоо мүмкүн болбосо, ал натыйжалуу соттук

коргоонун талаптарына жооп бербейт, анткени ал кызыкдар тарапты жүргүзүлгөн сот адилеттигинин мазмунун түшүнүү жана анын мыйзамга ылайык келүүсүн баалоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

4. Бардык соттук актылар үчүн жалпы конституциялык мааниге ээ болгон жүйөлүүлүк талабы тиешелүү соттук инстанциянын процессуалдык максатын, ал чечүүчү маселелердин мүнөзүн жана мыйзам тарабынан берилген ыйгарым укуктардын чектерин эске алуу менен ишке ашырылат.

Сот адилеттигин талаптагыдай жүргүзүү да соттук катанын болуу мүмкүндүгүн толугу менен болтурбай кое албайт. Мындай каталарды аныктоо жана жоюу үчүн Конституция сот чечимдерине даттануу укугун бекитет, аны ишке ашыруу мыйзамда каралган аларды текшерүү формалары менен камсыздалат. Мындай формалардын ортосундагы алардын максаты, предмети жана чектери боюнча айырмачылыктары соттук актылардын жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн натыйжасы боюнча кабыл алынган алардын мазмунунун өзгөчөлүктөрүн шарттайт.

Аталган иште Конституциялык сот кассациялык кайра кароонун натыйжасы боюнча кабыл алынган соттук актыга карата жүйөлөө талабы кандайча конкреттештирилгендигин аныкташы керек. Бул маселени чечүү үчүн баштапкы укуктук багыттама болуп кассациялык өндүрүштүн укуктук табияты жана максаты болуп саналат, анын мазмуну мурда Конституциялык сот тарабынан өз чечимдеринде ачып көрсөтүлгөн.

Алсак, конституциялык контролдоо органы белгилегендей, кассациялык өндүрүш мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актыларды ишти буга чейинки териштирүүнүн жүрүшүндө соттор тарабынан кетирилген жана иштин жыйынтыгына таасир эткен же таасир этиши мүмкүн болгон материалдык же процессуалдык укуктун ченемдерин олуттуу бузулушу предметине текшерүүнүн мыйзамда белгиленген механизми болуп саналат деп көрсөткөн. (2018-жылдын 4-апрелиндеги жана 2024-жылдын 20-мартындагы чечимдер).

Кассациялык өндүрүштүн ушул максатынан кассациялык инстанциядагы соттун ишмердүүлүгүнүн мыйзамда белгиленген чектери келип чыгат. Ага берилген ыйгарым укуктарынын чегинде иштин фактылык жагдайларын кайра аныктабастан, далилдерди кайра баалабастан же талаш-тартышты маңызы боюнча чечпестен, материалдык жана процессуалдык укуктун туура колдонулушун жана чечмеленишин, мыйзамдын олуттуу бузулушунун бар экендигин жана алардын акыркы соттук чечимге тийгизген таасирин текшерет.

Кассациялык өндүрүштүн максаты белгилүү бир иштеги соттук каталарды аныктоо жана оңдоо менен гана чектелбейт. Жогорку соттун соттук чечимдерди мыйзамда белгиленген тартипте кайра кароону жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы катары конституциялык статусу анын кассациялык ишмердүүлүгүнүн коомдук-укуктук маанисин шарттайт. Укук ченемдеринин туура колдонулушун жана чечмеленишин текшерүү менен, кассациялык инстанциядагы сот төмөн турган инстанциядагы соттор үчүн окшош укуктук маселелерди чечүүдө багыттоочу боло турган, соттук укук колдонууда ырааттуулукту камсыз кыла турган жана соттук практиканын карама-каршылыгынын пайда болушуна жол бербей турган укуктук мамилелерди калыптандырат.

Кассациялык өндүрүштүн максатынын жана чектеринин көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы жүйөлөштүрүүчү бөлүктүн өзгөчөлүктөрүн аныктайт, анын натыйжасы боюнча соттук акты кабыл алынат. Кассациялык кайра кароо иштин кайталап кароо болуп саналбагандыктан, ал биринчи жана апелляциялык инстанциялардын сот актыларына мүнөздүү болгон көлөмдө фактылык жагдайларды жаңыча баяндоону же далилдик баалоону кайта түзүүнү талап кылбайт. Демек, кассациялык актынын жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн көлөмү жана структурасы жүргүзүлүп жаткан укуктук текшерүүнүн предмети жана чектери менен шартталган өлчөмдө айырмаланышы мүмкүн.

5. ЖПКнын 370-беренесинин 6-бөлүгүнүн ченемдик мазмунун баалоодо Конституциялык сот кассациялык өндүрүштүн укуктук табиятын жана чектерин эске алат. Аталган ченемге ылайык, биринчи же апелляциялык инстанциянын соттук актысын анда көрсөтүлгөн негиздер боюнча күчүндө калтырууда кассациялык инстанция жүйөлөөнү өз алдынча баяндабастан, даттанылып жаткан соттук актынын негиздемеси менен макул экендигин көрсөтүү менен гана чектелүүгө укуктуу. Мындай жөнгө салууну конституциялык-укуктук баалоо натыйжалуу соттук коргоо талаптарына жана ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 2–4-пункттарында баяндалган соттук актылардын жүйөсүнүн негизинде жүргүзүлөт.

Андыктан мыйзам чыгаруучу кассациялык сотко биринчи же апелляциялык соттордун жүйөлөрү менен макул болууда, аларды кайталабоого жол берүүгө укуктуу. Мындай процессуалдык конструкция мурда баяндалган укуктук аргументтөөнүн ашыкча кайталанышына жол бербөөгө багытталган жана бул аспекттен алганда, Конституцияга карама-каршы келбейт.

Муну менен бирге талашылып жаткан жөнгө салууну конституциялык-укуктук баалоо соттук актыны кыскача баяндоо ыкмасы катары төмөн турган соттордун жүйөлөрүнө шилтеме жасоого уруксат берүү менен гана чектелбейт. Мындай шилтеме кассациялык даттануунун жүйөлөрүн текшерүүнүн натыйжасынын негиздемесин алмаштыра алабы деген суроо принципиалдуу мааниге ээ.

Бул суроого жооп төмөн турган соттордун жана кассациялык инстанциядагы соттун соттук актыларынын жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн предметин айырмалоону болжойт. Биринчи инстанциядагы сот иштин жагдайларын аныктоо, далилдерди баалоо жана укуктун тиешелүү ченемдерин колдонуу менен талашты маңызы боюнча чечилишин негиздейт. Апелляциялык инстанциядагы сот ишти апелляциялык тартипте кароонун натыйжасы боюнча чыгарылган тыянактарды негиздейт, бул биринчи инстанциядагы соттун чечиминин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн

текшерүү менен бирге, фактылык жагдайларды жана далилдерди көз карандысыз иликтөөгө жана баалоого мүмкүндүк берет. Кассациялык инстанциядагы соттун актысынын жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн предмети башкача: анда кассациялык даттануудагы аргументтер иштин жыйынтыгына таасир эткен же таасир этиши мүмкүн болгон материалдык же процессуалдык укуктун ченемдеринин олуттуу бузулушу менен байланыштуу даттанылып жаткан соттук актыларды жокко чыгаруу же өзгөртүү үчүн ЖПКда каралган негиздердин бар экендиги жөнүндө далилдейби же жокпу деген тыянак негизделиши керек.

Андыктан, төмөн турган соттордун актыларынын толук, ырааттуу жана мыйзамга шайкеш келген жүйөлөштүрүүчү бөлүгү да өзүнчө алганда кассациялык текшерүүнүн жыйынтыгынын негиздемесин алмаштыра албайт. Мындай жүйөлөргө шилтеме жасоо мурда берилген укуктук аргументтерди кайталап баяндоо зарылдыгын жокко чыгарышы мүмкүн, бирок ал арыз ээсинин кассациялык кийлигишүү үчүн негиздер (даттанылып жаткан сот чечимдерин жокко чыгаруу же өзгөртүү үчүн негиздер) бар экендигин тастыктаган арыз ээсинин аргументтерин баалоо милдетин жокко чыгарбайт. Андай болбогондо, кассациялык текшерүү мурда кабыл алынган сот актыларынын формалдуу ырастоо менен алмаштырууну билдирмек.

Соттук кароонун процессуалдык ырааттуулугун да эске алуу зарыл. Кассациялык даттануу даттанылып жаткан соттук актылар кабыл алынгандан кийин берилет жана анда мурда объективдүү соттук баа албаган төмөн турган инстанциядагы соттордун актыларынын мазмунуна негизделген аргументтер камтылышы мүмкүн. Башкача айтканда, төмөн турган соттор тарабынан келтирилген жүйөлөр кассациялык инстанциядагы сотко берилген суроолорго бардык учурда эле жетиштүү жоопту камтый бербейт.

Ушуга байланыштуу биринчи же апелляциялык инстанциядагы соттордун жүйөлөрүнө шилтеме берүү, эгерде бул жүйөлөр кассациялык даттанууда көтөрүлгөн укуктук маселелерге түздөн-түз тиешелүү болсо, арыз ээси тарабынан билдирилген каршы пикирлерди эске алуу менен өзүнүн

негиздүүлүгүн сактаса жана кассациялык соттун жыйынтыктоочу тыянагын түшүндүрүү үчүн жетиштүү болсо гана, жүйөлөштүрүү талабына жооп берет. Эгерде даттануудагы олуттуу аргумент мурда каралбаса жана төмөн турган соттор тарабынан баалоонун предмети болбосо, кассациялык инстанциядагы сот шилтеме жасаган жүйөнү өзүнүн негиздемеси менен тиешелүү бөлүктө толуктоого тийиш.

Бул, кассациялык инстанция сотунун төмөн турган инстанциядагы соттордун негиздемелери менен макул болуусу кассациялык даттануудагы жүйөлөр менен колдонулуучу укуктук ченемдерди өз ара байланышта көз карандысыз карап чыгуунун натыйжасы болушу керек дегенди билдирет. Макул болуу формуласы жүргүзүлгөн укуктук талдоонун жыйынтыгын чагылдырат, бирок соттук актынын мазмунунан арыз ээси келтирген каршы пикирлерди эске алуу менен мурдагы аргументтер туура жана жетиштүү деп таанылган негиздер түшүнүктүү болушу керек.

Ошону менен бирге макул болуунун негиздерди чагылдыруу талабы кассациялык инстанциядагы сотту даттанууда камтылган ар бир ырастоого өзүнчө жана деталдуу жооп берүүгө милдеттендирбейт. Укуктук баа берүүнүн зарыл болгон көлөмү кассациялык текшерүүнүн жыйынтыгы үчүн тиешелүү жүйөнүн мааниси менен аныкталат. Эгерде жүйө негиздүү болсо, соттук актыны жокко чыгаруу же өзгөртүү үчүн мыйзам менен каралган негиздин бар экендигин далилдей турган жүйө маанилүү деп эсептелет жана аны четке кагуунун себептерин аныктоо үчүн тийиштүү укуктук баа бербестен калтырууга болбойт.

Жүргүзүлгөн текшерүүнүн предметин жана чектерин чагылдыруу, ошондой эле кассациялык инстанциядагы сот ага берилген ыйгарым укуктарынын чегинде иш алып барганын жана тиешелүү кайра кароо стандартын колдонгонун аныктоо үчүн да зарыл. Тийиштүү негиздеме жок болгон учурда, бир жагынан кассациялык соттун фактылык жагдайларды жаңы аныктоодон жана далилдерди кайра баалоодон мыйзамдуу баш тартуусу менен экинчи жагынан материалдык же процессуалдык укуктун

бузулушуна байланыштуу олуттуу аргументти кароосуз калтырылышын ажыратуу мүмкүн эмес. Кассациялык ыйгарым укуктардын чектелүүлүгү кассациялык текшерүүнүн предметине таандык жүйөнү баалоосуз калтыруу үчүн негиз боло албайт.

Кассациялык текшерүүнүн жыйынтыктарын негиздүү чагылдыруунун мааниси кабыл алынуучу соттук актынын биротоло мүнөзү менен күчөтүлөт. Процесстин катышуучусу өзүнүн даттануусу канааттандырылбай калганын гана эмес, анын келтирилген жүйөлөрү соттун жетишилген жыйынтыгын өзгөртүүгө алып келбегендигинин укуктук аргументтерин да аныктай алышы керек. Чечимдин укуктук негиздерин баяндоо кассациялык сот тарабынан колдонулган ченемдердин кайсы чечмелөөсү туура деп таанылганын аныктоого мүмкүндүк берет, муну менен соттук укук колдонуунун ырааттуулугуна, алдын ала айтууга боло тургандыгына жана бир түрдүү колдонулушуна өбөлгө түзүлөт.

Талашылып жаткан 370-березенин 6-бөлүгүн башкача колдонуу натыйжалуу соттук коргоонун жана калыс сот адилеттигинин конституциялык кепилдиктерине жооп бербейт жана укуктук аныктык талабын бузмак.

Ошол эле учурда, конституциялык негиздөө талабы кассациялык инстанциядагы сотко сот актысынын белгилүү бир көлөмүн же анын жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн формалдуу түрдө белгиленген түзүмүнүн сактоого милдеттендирбейт. Негиздөөнүн жетиштүүлүгү келтирилген ой-пикирлердин саны же текшерүүнүн өзүнчө элементтерин сөзсүз бөлүү менен аныкталбайт, ал сот актысынын мазмуну жалпысынан алганда, кассациялык даттануунун маанилүү жүйөлөрү соттун ыйгарым укуктарынын чегинде каралып чыккандыгын жана алар кандай укуктук себептерден улам четке кагылгандыгын аныктоого мүмкүндүк береби же бербейби, ошону менен аныкталат.

Ошентип, ЖПКнын 370-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялык-укуктук мааниси кассациялык инстанциядагы соттун биринчи же

апелляциялык инстанциядагы соттордун жүйөлөрүнө макул экендигин көрсөтүүсү, аларды кайрадан баяндоонун зарылчылыгынан гана бошотот, бирок кассациялык даттануунун жүйөлөрүн өздүк текшерүүсүнүн жыйынтыгын негиздөө милдетинен бошотпогондугунда турат. Кабыл алынган соттук актыдан, даттануунун олуттуу жүйөлөрү кассациялык сот инстанциясынын ыйгарым укуктарынын чегинде каралып чыккандыгын жана алар кандай укуктук себептерден улам даттанылган сот актыларын жокко чыгарууга же өзгөртүүгө алып келбегендигин аныктоого мүмкүн болушу керек.

6. Конституциялык сот талашылып жаткан жобонун конституциялык-укуктук маанисин аныктагандан кийин, анын текст түрүндөгү баяндалышына көңүл буруу зарыл деп эсептейт. ЖПКнын 370-беренесинин 6-бөлүгүндө колдонулган “кассациялык инстанциядагы сот өзүнүн чечиминин жүйөсүн көрсөтүүгө милдеттүү эмес” деген формуланы түзмө-түз кабылдоодо биринчи же апелляциялык инстанциядагы соттордун негиздемелерине макул болуу кассациялык инстанциядагы сотту өз чечимин өз алдынча негиздөөдөн бошотот деген туура эмес түшүнүктү жаратышы мүмкүн.

Мындай кабылдоо ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 6-пунктунда белгиленгендей талашылып жаткан ченемдин маанисинин чектеринен ашат жана укук колдонуу практикасын кассациялык текшерүүнүн жыйынтыктарын талаптагыдай чагылдырбастан, даттанылып жаткан сот актыларына макул болуу жөнүндө формалдуу көрсөтмөгө багытташы мүмкүн. Муну менен ченемдин тексттик туюндурулушунда каралган бошотуу, анын конституциялык-укуктук мазмунунан келип чыкканга караганда, кыйла кеңири түшүнүүгө жол берет.

Ушуга байланыштуу, ЖПКнын 370-беренесинин 6-бөлүгүнүн мыйзамдык редакциясы, кассациялык текшерүүнүн жыйынтыктарын негиздүү чагылдыруунун жоктугуна жол берген катары аталган формуланы чечмелөө мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган тактоону талап кылат.

Тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин, Конституциялык сот тарабынан аныкталган талашылып жаткан жобонун конституциялык-укуктук мааниси жалпыга милдеттүү болуп саналат жана анын башкача түшүнүлүшүн жана колдонулушун жокко чыгарат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ЖПКнын 370-беренесинин 6-бөлүгүн бир мааниде эмес кабылдоо мүмкүнчүлүгүн жоюуга жана анын мыйзамдык формасын ушул Чечимде белгиленген конституциялык-укуктук мааниге ылайык келтирүүгө багытталган, ЖПКне өзгөртүүлөрдү демилгелөөгө тийиш.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4-бөлүгүн жана "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Ч Е Ч Т И:**

1. Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 370-беренесинин 6-бөлүгү ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө баяндалган конституциялык-укуктук мааниде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Чечимден келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине киргизүүнү демилгелесин.

2. Бул Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

4. Ушул Чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысына” жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**